***DOI:10.26104/NNTIK.2023.64.26.056***

*Толубаева Ч.Д., Асекова К.*

# «МАНАС» ЭПОСУНУН «ЧОҢ КАЗАТ» ЭПИЗОДУНДАГЫ ПСИХОЛОГИЗМ

*Толубаева Ч. Д., Асекова К.*

# ПСИХОЛОГИЗМ В ЭПИЗОДЕ «ЧОН КАЗАТ» ЭПОСА «МАНАС»

*Ch. Tolubaeva, K. Asekova*

# PSYCHOLOGISM OF THE EPISODE «CHON KAZAT» IN THE EPOS «MANAS»

*УДК: 801.81*

*Аталган макалада "Манас" эпосундагы "Чоң казат" бөлүмүндөгү психологизм маселеси изилдөөгө алынды. Психологизм маселесинин активдүү көркөм каражаттары болуп саналган монолог, каармандардын кептери, диалогдор, монологдор, психологиялык сүрөттөөлөр "Манас" эпосунун бул бөлүмүндө жолугат. Монологдун арманын айтуу, жоктоо, керээз сыяктуу түрлөрү белгиленди. Ошондой эле каармандардын диалогундагы алардын психологиялык абалы, эртеңки күндөрү үчүн ойлонгон ой-максаттары изилденди. Ушул сыяктуу эле Манастын өзүнүн ички кеби өтө кызыктуу. Анын Тал-Чокудагы ички кеби, жолдошторунан айрылгандагы жоктоо, өкүнүү монологдору психологизм маселесинде талдоого алынат. Ошондой эле Кошойдун, Бакайдын Төштүктүн кептери да психологизм маселесинде изилденип, натыйжада эпостун бул бөлүмүндө көлөмдүү монологдор, каармандардын ар түрдүү турмуштук кырдаалдардан улам келип чыккан психологиялык абалын чагылдырган кептер, психологиялык сүрөттөөлөр маалым болду.*

***Негизги сөздөр**: психологизм, эпос, монолог, каармандын кеби, диалог, психологиялык сүрөттөө.*

*В данной статье исследована проблема психологизма главы «Чон- Казат» эпоса «Манас». В этой главе эпоса «Манас» встречаются монологи, речи персонажей, диалоги, психологические описания, являющиеся активными художественными средствами проблемы психологизма. Отмечены такие виды монолога, как рассказ сна, причитание, завещание. Также изучалось психологическое состояние персонажей в их диалогах, их мысли и цели на будущее. Также очень интересна внутренняя речь Манаса. С точки зрения психологизма проанализированы его внутренняя речь в Тал-Чоку, монологи скорби и сожаления о потере товарищей, а также в психологическом аспекте были проанализированы речи Кошоя и Бакая, Тоштука, в результате чего в ракурсе психологизма были проанализированы объемные монологи этой главы эпоса, речи, отражающие психологическое состояние персонажей, вызванное различными жизненными ситуациями.*

***Ключевые слова**: психологизм, эпос, монолог, речь персонажа, диалог, психологическая описание.*

*This article explores the problem of psychologism in the chapter "Chon-Kazat" in the epic "Manas". In this chapter of the epic "Manas" there are monologues, speeches of characters, dialogues, psychological descriptions, which are active artistic means of the problem of psychologism. The psychological state of the characters in their dialogues, their thoughts and goals for the future were also studied. In the same way, the inner speech of Manas is very interesting. Such types of monologue as the story of a dream, lamentation, testament are noted. From the point of view of psychologism, his inner speech in Tal-Choku, monologues of grief and regret about the loss of comrades were analyzed, and also from the point of view of psychologism, the speeches of Koshoy and Bakai Toshtuk were analyzed, as a result of which, from the point of view of psychologism, voluminous monologues were analyzed in this chapter of the epic, speeches reflecting the psychological state of the characters caused by various life situations*

***Key words**: psychologism, epic, monologue, character's speech, dialogue, psychological description.*

"Манас" эпосунун "Чоң казат" бөлүмү кыргыз элинин турмушун чагылдырууда өтө чоң маанилүү маселелерди кучагына камтыйт. "Чоң казатка" чейин эле көчмөн элдер бири бирине баскынчылык иш-аракеттерди жүргүзүп, элди-жерди басып алуу иш-аракеттери менен жашап келишкен. Өкүнүчтүүсү "Чоң казаттын" финалы Манас баатырдын капысынан жарадар болушу жана анын эң жакын жигиттери – Алманбет, Чубак, Сыргак сыяктуу баатырлардын шейит кетиши менен аяктайт.

Эпостун "Чоң казат" бөлүмүндө Манастын, Каныкейдин, Бакайдын, Алманбеттин, Аруукенин, Кошойдун көлөмдүү монологдору кездешет. Мындан башка алардын психологиялык абалын чагылдырган каармандардын кептери, өз ара сүйлөшүү диалогдорунда драмалык чыгармадагы конфликтти чагылдырган диалогдордун да үлгүсү бар. Ушул сыяктуу алардын кептеринде каармандардын кыял-жоругу, кулк мүнөзү, психологиялык абалы маалым болот. Биздин мындай пикирибизди белгилүү театр таануучу, драматург Жаныш Кулманбетовдун "Манас" – кыргыз элинин эпикалык драмасы жана эпикалык театры" деген аталыштагы илимий макаласындагы төмөндөгүдөй пикири ырастайт жана "Манас" эпосунун сюжетинин өөрчүшүн ишке ашырчу негизги факторлорго тек гана баяндоо (повествование) эмес, жогоруда белгилеп өткөнүмдөй, кейипкерлердин ортосундагы курч диалогдор да, алар менен бир катар драматизмге шырелген көлөмдүү монологдор да кирет" [6] - деп, айткан пикири эпосту психологизм маселесинде изилдөөгө илимий таяныч катары кызмат кылат. Бирок "Манас" эпосуна тийиштүү жазылган башка макала-

ларыбызда белгилегенибиздей буга чейин эле окумуштуу М. Ауэзов [2] манасчы С. Орозбаковдун вариантындагы "Манас" эпосунан бир канча кептин түрлөрүн белгилеген. Ал эми биздин изилдөөбүздө С. Каралаевдин "Манас" үчилтигиндеги эпикалык психологизм болуп саналат. Бул психологизм маселесинде жогоруда белгилеп өткөнүбүздөй кептин түрлөрү, каармандардын ички кеби, монологдору талдоого алынат. Биз сөз кылып жаткан Чоң казаттагы эпизоддо Манас баатырдын Тал-Чокудан колуна дүрбүнү алып Таласка көз жүгүртүп, Каныкейдин аял болсо да айбат көрсөтүп, элин баскынчалардан коргоп жаткан иш-аракетине болгон ичиндеги ыраазычылык, Абыке, Көбөштөрдүн кылык-жоругуна болгон ички ой толгоосу, Каныкейге ыраазы болушу, ошондой эле Кытай жерине суктанып, аларга болгон көз артуусу, жолдошторунан айрылып арман кылган жоктоо монологдору, акыркы коштошуу, керээз сыяктуу кептеринде психологизм өтө таасын берилген. Ушул сыяктуу эле "Манас" эпосунда каармандардын психологиялык ахыбалын чагылдырган учурашуу, коштошуу, кеңешүү, буйрук кылуу, коркутуу, жоктоо жана башка кептин ар кандай түрлөрүн кезиктирүүгө болот. Мисален, "Чоң казатта" Манастын кырк жигити менен бирге он эки кандын барышы, төмөндөгөн колдун кытай-калмакка каршы турушу сүрөттөлөт. Бирок Манас ар дайым согуш деген эң жаман нерсе экенин бардыгына эскертет. Ал Кытайды көздөй аттанаарда жалпы элди, жоокерлерди жыйнап, согушка жөн эле олжо үчүн , же ураан үчүн барбоону чакырат. Манас үй-бүлөдө ата-энеси карып калган , багаар көрөөрү жок жалгыз уулу барларга согушка баруусуна уруксат бербейт.

"Каканчындын Бээжинге
Карың эмес, жашың бар.
Жылкыдан тандап берейин,
Бекем күлүк малымды ал.
"Атым арык, дегениң
Азыр кайткын үйүңө,
Өзүм жалгыз, дегениң
Эми кеткин үйүңө"[3, 559].

Жогорудагы казат алдындагы кеңешүү кеби Манастын журт башчысы катары калыстыгы, жөнөкөй элди укуругу узун камчы менен башкарып согушка зордоп алып барбастан, тескерисинче согушка аттанаардан мурда терең ойлонууга чакырып жатканы анын адилеттүү башкаруучуну экенинен кабар берет. Бул бөлүмдө биз белгилеген каармандардын кептеринен бөлөк алардын диалогдору, көлөмдүү монологдор, психологиялык сүрөттөөлөр да бар. Мындан сырткары каармандардын ички дүйнөсүн чагылдырган монологдордун өкүнүү, арманын айтуу, жоктоо, келечекке карай багытталган тилеги, керээз айтуу сыяктуу түрлөрүн белгилөөгө болот. Мисален, Манас баатырга эң жакын жигиттери, жакын санаалаш достору Алманбет, Чубак, Сыргактардан айрылып, кенедейинен бирге чоңойгон аты Аккуладан ажырашы анын бүткүл жашоосуна бүлүк түшүрөт.

"Асылдарды жеп алып.
Эми кыраандардан айрылып,
Алманбет, Чубак аты уйкаш,
Арсландардан айрылып,
Аман кетем дедимби
Же кудай, капырды кырган шер кылдың.
Алакемден айырып,
Кудай, мынчалык неге кем кылдың?!" [3, 992].

Бул биз мисалга алган үзүндүдөн Манастын жакын жолдошторунан айрылып, каңыры түтөп, ушул мезгилге чейин кылган баатырдык иштерине, эрдиктерине сарасеп салып, арманга батып, ойлонуп, толгонуп жатканын билүүгө болот. Ал канчалык күчтүү, найзасы учтуу, кылычы курч, жеңилбес болбосун, согушта жоготуу болоорун, болгондо да ушинтип жакын жолдошторунан айрылаарын ойлогон менен ушунчалык оор болоорун билген эмес. Алтын-күмүшкө, олжого ашыкча байыганы менен жакын адамдарынан айрылып өз эли жерине аман-эсен кайтуусуна көзү жетпейт. Каңырыгы түтөп, кандай айла кылууну таппайт. Жакын жолдошторунан түбөлүккө айрылып Мекенине жолдоштору жок кантип кайтаарын билбейт. Анткени асыл адамдарын жоготуп аларды күткөн элге, үй бүлөлөрүнүн жүзүн кантип карайм деген өз абийири өзүн кечирбейт. Ушул жерден улуу жазуучубуз Ч. Айтматов айткан эпос канчалык таргедия менен аяктабасын, "Манас" эпосу – бийик гуманизмге сугарылган эпос" [1, 17] деп айткан маанилүү пикири дал ушул жерге ылайык айтылгансыйт.

Манас намаз окуп жатканда Коңурбай уурданып, байкатпай ууланган айбалта менен чабат. Манас Коңурбайдан алган жараатьı ичине түшүп, ажалга баш ийүүгө туура келет. Бирок акыреттикке, түбөлүк жайга кетип жатып эң жакын ишеничтүү адамдары Кошой, Эр Төштүк, Бакай, Көкбөрү сыяктуу кыйышпас достору менен коштошот. Алардын өз ара сүйлөшүү диалогунда терең психологизм камтылган. Булардын акыркы коштошуу диалогунан улам маалым болгон психологиялык абалдарын сөз менен айтып жеткире албайсын.

"Токсон беште Кошойдун
Көзүнүн жашы он талаа:
Токсонго чыгып мен өлбөй,
Тоодоюм Манас сен көмбөй,
Алдыңкы жолду чаңдатып,
Бусурман журтту айдатып,
Кара ашыма тойбодуң,
Кабылан, колуң менен койбодуң!
Кантейин, Манас кабылан,
Сенден мурун өлбөдүм,
Элемандын Эр Төштүк:

"Манас кан, эгиз козу түгөйүм,
Эгизим сенден айрылып,
Эл баштап кантип жүрөйүн!
Ата, кудай буйругу
Жаяны кесип жечү элем.
Ааламдын жаны тындыбы
Айкөлүм Манас сындыбы?!" [3, 982].

Биз келтирген бул үзүндүдө Кошой, Манас, Көкбөрү, Эр Төштүк, Бакайлардын Манастын акка моюн сунуп акыркы сапарга кетип бара жаткандагы коштошуу диалогдору болду. Жогоруда белгилегенибиздей, драмалык чыгармадан бешбетер каармандардын ички дүйнөсүн терең чагылдырган диалогдордон курулган. Манас менен коштошуу оңойго турган эмес. Кошойдун кебинде анын узак дөөлөттүү карылыкка жеткен курагында Манас аны акыркы сапарга узатса болмок, бирок Манас өлүм алдында жатат. Ушул жерде Кошойдун сыздаган ички жан дүйнөсүн, психологиялык абалын байкоого болот. Ошондой эле ага-инидей эле эмес, курбу-курдаш, жолдош болуп бирге жүргөн Бакайга канчалык кыйын. Ал экөө көп эрдик көрсөтүп, көп элди багындырганда өлбөй, кыздан салык, малдан салык салып, көөп турганында өзүнүн өлбөгөнүн айтып көзүнүн жашын көлдөтүп, Манасты өлүмгө кыйбайт. Манас абакеси, сырдашы, кеңешчиси Бакайдын абалын көрүп, кудайдын жазганына моюн сунуу кажет экенин, эми көзү өткөн соң, топ чогулган жерге, жыйын болгон жерге барбоосун суранат. Анткени ал жерде Манасы жок, сөзгө кемсинтип, кагып койсо, шагың сынып, көңүлү ооруп калбасы үчүн топ чогулган жерге барба деген керээзин билдирет.

Эпостун бул бөлүгүндө биз келтирген коштошуу кептеринен башка дагы керээз айтуу, жоктоо, коштошуу кеби жолугат. Мындай кептин түрлөрүн каармандардын ички дүйнөсүн, психологиялык толгонуусун, бушайманга түшүп кыйналуусун чагылдырган кептер десек болот. Демек "Манас" эпосунун кайсы бөлүмүн албайлы психологизм маселесинин элементтери жолугат. Психологизмдин көркөм каражаттары болгон каармандардын ар түрдүү психологиялык кырдаалдарды чагылдырган кептери, ички дүйнөсүн чагылдырган монологдор, каармандардын портрети, портреттик сүрөттөөлөр кирет.

**Адабияттар**:


1. Айтматов Ч. Айтматовдун асыл ой берметтери. – Бишкек, 2016
2. Ауэзов М. О времени возникновения эпоса "Манас". В кн: Энциклопедический феномен эпоса "Манас", 1995.
3. Манас.С.Каралаевдин варианты. – Бишкек, 2010.
4. Описание эпизода «Повествование об Алманбете в эпосе «Манас»_Известия вузов Кыргызстана.ISSN 1694-7681. №2, 2019. – Бишкек, 2019. Стр. 201-205. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2019/2/
5. Кулманбетов Ж.О. "Манас" – кыргыз элинин эпикалык драмасы жана эпикалык театры. Chttps://ok.ru/group/52530179-014810/topics[электронные ресурсы].